**УДК:80011.512.154**

**САТЫБАЛДИЕВА Д. Б., ДУЙШЕЕВ Ж.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
**SATYBALDIEVA D. B., DUISHEEV SH.**
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*

# ЭМОЦИОНАЛДЫК ЖАНА ЭКСПРЕССИВДИК БИРДИКТҮҮЛҮКТҮН КӨРКӨМ ТЕКСТТЕГИ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

## Функции эмоциональности и экспрессивности в художественном тексте

## Functions of emotionality and expressiveness in the literary text

*Макалада керкем тексттеги туз жана кыйыр маанидеги эмоционалдуу экспрессивдуу мааниnин уюштурулушу, андагы экспрессиянын функционалдык езгечелуктеру каралат. Керкем тексттеги кыргыз тилшдеги эмоционалдуу экспрессивдуу лексиканын образ тузуудегу мумкунчулуктвру вте жогору мааниге ээ. Экспрессивдуулук керкем текстте белгилуу даражада оттенкалык жана боёкчулук взгвчв сапаттарды стилистикалык децээлде пайда кылып, ал анын ораторлук искусствodo жана чечендик чеберчиликте колдонулат.*

***Урунттуу свздвр:*** *керкем стиль; керкем текст; экспрессия; стилдик маани; етмв маани; эмоционалдык маани.*

*В статье рассматриваются функции экспрессии в художественном тексте, вопрос о значении прямой и косвенной речи, об образовании эмоционально-экспрессивного смысла художественного текста. Возможности кыргызской эмоциональной лексики в образовании образа персонажа в художественном тексте очень велики. С помощью экспересcивности слова в тексте приобретают определенные оттени и окраску (относящиеся к стилистике), они необходимы в ораторском искусстве, а также в красноречии.*

***Ключевые слова:*** *художественный стиль; художественный текст; стилистическая коннотация; экспрессия; эмоциональный смысл.*

*In article functions of an expression in the art text, a question of value of a straight line and an indirect speech, formation of emotional and expressional sense of the art text are considered Possibilities of the Kyrgyz emotional lexicon in formation of an image of the character in the art text are very big. By means of a word eksperessivnost in the text get the certain shades and coloring (relating to stylistics), they are necessary in oratory and also in eloquence.*

***Keywords:*** *artistic style; artistic text; stylistic connotation; expression; emotional sense.*

Эне тилибиз адабий тилдик нормага, пикир алышуунун кырдаалына негизделип, коомдук ар кандай чейреде суйлеенун коммуникативдик жактан ырааттуулугун калыптандырган ойго (жа-зуу жана оозеки суйлее), идеяга ылайык адамдар-дын сезимин, ар кандай санааркоосун, сукта-нуусун, таныркоосун, кайгысын да билдирет. Ошондуктан тил бир гана коммуникативдик мил-дет етеп, оозеки суйлошуудо пикир алышууну эле камсыз кылбастан, адамдын кубаныч-кайгысын, ички сезимин да керкем чагылдырат. Мындай кырдаалдын негизинде тилдин таасир этуучулук кудуретин эске алып, кадыресе сез ме-нен керкем суйлеенун айырмасын туура баамдац келечектин тил адистери суйлеенун стилдик-маанилик оттенокторунун ар турдуу окраскала-рын айырмалай алуусуна жетишуу зарыл болуп турат.

Эмониэналдуулук айрыкча етме мааниде айгылган трошордо, грамматикалык жактан суйлемге муче боло албаган сьфдык сез менен модалдык жана киринди сездерде басымдуулук кьшат. Жайынча баяндалпш фра-зада логикалык ой-пикир менен катар эмоционалдык боёкчо айгуучунун угуучуга болгон мамилесинен билинет да, белгилуу бир экспрессивдуулуктун даражасьш чагыщдьфат. Бирок эмоционалдык лексика суйлемдун кайсыл гана турунде кездепшесин, адамдьш ички сезимин билдирип, ага эмоционалдык интонация катышкан-да гана ал угуучуга кучтуу таасир этет. Кепчулук убактарда эмоционалдык ингонацияны таанышбилуу ошол пикир алышуунун шартына ылайык, аньш лексика-семангикалык мааниси менен аныкталат.

Эмоция тышкы карым-катыпшар менен ички езгеруулерду аныктайг, интонация болсо эмоционалдык абаддын индикатору болуп кызмат аткарат. Б.а, интонация ошол шартка, кырдаалга ылайык адамдьш угуу, керуу, жып билуу сыяктуу организми аркылуу ички эмоциялык толкундануусун ар кыл езгертуучу, ага таасир этуучу тышкы фактор болуп саналат. Г. И. Рожкова айшандай, эмоцизналдьж интонация - дуйнедегу тщдердин бардыгына мунездуу керунуш, ангаени сувдее сигналдары бардык тщдерге тец бирдей даражада енуккен Опешил айрым сездер эмоцизналдьж опенкаларды белгитеп керсетет да, катыпшьж маани бщдирет. Андыкган мектепгерде эле эмес, жогорку окуу

жайында да ингонацияныш компоненг-терин, функциясын, басым, же мелодиканьш керкем окуу-дагы мщдетин, аньш кеп кырдуулугу терец уйретулсе. мьжты натыйжшарды бермекчи Эгерде керкем сез чебер-лери, же ун кубултуп образдуу окуучу мугалим ингонацияны ар кыл жанцуу, элестуу, кыймылдуу, музыкалуулугу, уккулукгуулугу менен бавданьпшырщ окуучуларды ез убатында жатыктырса, анда алар керкем окуунун кеп кыр-дуу искусствосун сезип, кунг коюп угуц негизги кейипкер-ге каргышын же алкыпиш айга бвдгидей абалга жетип ышкысы ойгонуц кызыкчьшыгы артмакчы.

Тил илиминде эмоциялык-экспрессивдуулук женундегу алгачкы маалыматтар XX кылымдын башында эле айтыла баштаган. Лингвистикалык адабияттарда эмоционалдуулук жана экспрес-сивдуулук категориясы ар кандай аныктамаларга ээ. Изилдеечулер алгач эмоция менен экспрес-сивдуулукту ез-езунче белуп карабастан, аралаш изилдешкен. Мисалы, А. И. Ефимов: « Экспрес-сивдуу каражатка эркелеткен, кичирейткен создор кирет» [4:85] деп жазса, А.Т. Панасюк: «Тилдеги экспрессиялар женундегу биз качан суйлеечунун нерсеге карата эмоционалдуу жана эрктуу мами-леси тилдик каражаттар менен берилгенде гана айта алабыз» [6:35] - дейт. Кээ бир тилчилер эмо-ционалдуулукту экспрессив-дуулуктун составдык белугу катары эсептешет. Ал турсун аларды си-нонимдер катары эсептеген окумуштуулар да бар. Ал эми Н.М. Павлова кептеги эмоционалдуулук менен экспрессивдуулук ез ара тыгыз байланыш-туу деп, аларды айырмалоо мумкун эместигин керсетет [7:55]. Мындай стилдик эки катеорияны ажыратып карагандардын бири СМ. Осипов бол-гон. Бирок, окумуштуу аларды бири-биринен ал-маштьфбай турган тилдик кубулуштар деп, эмоционалдуулук тил системасынын элементи, ал эми экспрессивдуулук сезду тандоо жана пайда-лануунун натыйжасында пайда болот, тактап айт-канда, ал кептик элемент деп эсептейт [5:49]. Ал эми В.Н Башинский, В.И. Лихановдор ездерунун диссертапиялык эмгектеринде эмоционалдуулук менен экспрессивдуулуктун жалпы жана айырма-луу белгилерин ажыратып керсетушкен. Сез ма-анилериндеги эмоционалдуулук менен экспрессивдуулуктун чегин ажыратып кароонун теори-ялык гана эмес практикалык да мааниси зор экен-дигине токтолуп, Л. М. Васильев алардын «лек-сико-графияга, керкем кептин стилистикасына, эне тил жана тилдерди окутуу методикасына, ко-тормого ж.б.у.с. чоц кемек керсетет» [3:78]. - деп тыянак чыгарат. Бул проблема кептеген тилчи-окумуштуулардын кызыгуусун туудурган жана еткен кылымдын экинчи жарымынан баштап илимий-изилдее иштеринде колго алына баштаган. Алар бул категориялардын ез ара байланы-штарын белгилешип, аларды уюштуруучу кара-жаттарды жана тилдик бирдиктердин маанилик езгечелуктерун проблема катары изилдееге алышкан. Натыйжада орус окумуштуулары бул маселеде илимий туура тыянактарга келишкен.

Эмоционалдуулукту эки категорияга белууге болот.

1. Эмоционалдуу лексиканын оц маанидеги экспрессивдуу боёктуулугу; 2.Эмоционалдуу лексиканын терс маанидеги экспрессивдуу боёктуулугу. Мындайча белуш-туруу, биздин оюбузча, проблеманы чечууде он натыйжасын берет. Себеби ички сезимдеги ой-пикир, кез-караш, мамиле эмопиалык лексиканын оц жана терс мааниде колдонулушу аркылуу кеп-те реалдашат. Оц жана терс маанидеги сездер стилдик максатта кептик жагдайга жараша иште-тилгенде гана экспрессивдуулукту жарата алы-шат. Демек, пикир алмашууда сезимдик кубулу-штарды, абалдарды аныктоодо экспрессивдуулуктун кызматы коммуникативдик башка мум-кунчулуктерге Караганда бир топ жогору. Ошон-дуктан «эмоция-экспрессивдуулук» деген стили-стикалык терминди бирге пайдалануу талапка ылайыктуу.

Эмоциялык-экспрессивдуу боёктуулук зат атоочтук уцгу сездерден жана мучелердун жар-дамы менен жаралган негиздерден белгилееге болот. Бул сездердегу эмопиялуулук экспре-сивдуулук кичирейткен жана эркелеткен мучелер аркылуу берилет.

Эмоционалдуулукту да, кспресивдуулукту да стилдик категория катары тушунууг болот, себеби экее тец кептин таасирдуулугун, боёктуулу-гун кучетуу учун кызмат кылат.

Кьфгыз тилинде эмоционалдык-экспрессивдуу сездер ете кеп. Алардын колдонулушунда нерселердин сандык жана сапаттык керунуштеру таамай, элестуу, таасирдуу аныкталат. «Мындай каражаттар чыныгы керкем чыгармаларды эн жо-горку чеберчиликте колдонулуп, кейипкерлердин кулк-мунезун, журуш-турушун, кебете-кепширин, адамдарга жана башка нерселерге карата ар турдуу мамилесин таасын суреттееде баа жеткис материал катары кароого болот.

Изилдеечулер, негизинен, жогорудагы эки ка-тегорияны айырмалап аныктоодо эмопионалдык бирдиктерди тилдин экспрес-

сивдуу каражатта-рынын курамына кошуп кароодо бирдей кез ка-рашта. Бирок эмоционалдуу белгилер менен экспрессивдуу лексиканын курамын аныктоодо жана аларды орток маанилуу эквиваленттер менен са-лыштьфуудa пикир келишпестиктер бар. Эмопионалдык жана экспрессивдик сездердун, жалпы табияты изилденип жатса да, бул багыт боюнча чечиле элек проблемалар али кеп. Бул проблема-лардын изилдениши орус тилинде жана турколо-гиялык бир катар эмгектерде алгылыктуу изил-денгенин баса белгилейбиз. Ошол маалыматтарга таянып, эмоция-экспрессивдуулук кептеги кер-кемдук езгечелугун, езуне гана мунездуу стили-стикалык белгилерин эске алып, теменкудей тыянакка келууге болот: Эмоционалдык-экспрессивдуулук тушунугу - адамдагы ички се-зимдин турдуу жагдайын билдирууде керкем эс-тетикалык мумкунчулугу боюнча башка каражат-тардан айьфмаланган жана тексттин жалпы мазмуну менен логикалык жактан байланышып турган стилдик категория. Бирок бул эки категориянын окшош жана айырмалуу жактары бар.

Биринчиден, эмоционалдуулук тилде адамдын сезимин, маанайын, толгонууларын жана эмоционалдык - баалоочу мамилесин билдирүү үчүн кызмат кылат. Ал өзүн кепте чагылдыруудагы атайын каражаттардын жыйындысына ээ. Ал эми экспрессивдүү сөздөрдө баалоочулук маани болбойт. Алар кепте айтылган ойдун көркөмдүүлүгүн арттырып, анын таасир этүү күчүн жогору-латуучу каражат болуп саналат. Экинчиден, кептеги образдуулук эмоционалдуу-баалоочу сөздөрдө факультативдик мүнөзгө ээ, ал эми экспрессивдүү сөздөрдө негизги компонент болуп келет. Ушундай айырмалуу жактары менен катар эле эмоционалдык жана экспрессивдик сөздөр төмөнкүдөй жалпылыктарга да ээ.

Сөздүн түз жана өтмө маанилери жана сөз жасоочу аффикстер аркылуу эмоция-экспрессивдүүлүк жаралышы мүмкүн; Эмоцио-налдык - баалоочу жана экспрессивдүү сөздөр стилдик максатта бирдей көркөмдүк кызмат аткарат. Демек, ички сезимди билдирүү үчүн сүйлөөчү ар түрдүү тилдик каражаттарды пайдаланат. Алар аркылуу кебинин ачык, образдуу,
көркөм жана таасирдүү болушуна жетишет тактап айтканда, кептин белгилүү бир бөлүгүнүн экспрессивдүүлүгү күчөтүлөт. Натыйжада эмоционалдуулук менен экспрессивдүүлүк бири-бирине каражат катары мамиледе келет да, кандайдыр бир эмоциялык абалды билдирүүдө ал каражат экспрессивдүү мүнөзгө да ээ болот. Эмоционалдуулук менен экспрессивдүүлүктү байланыштыруучу интенсив-дүүлүк жана модалдуулук кате-гориялары да кепте өзгөчө касиетке ээ. Модалдуулук - «речтин мазмунунун чындыкка болгон мамилеси» [8:363].

Интенсивдүүлүк - нерселер, кубулуштар, аракеттер, процесстер ж.б.у.с. эмоционалдуу-баалоочу бирдиктер менен белгиленүүчү бизди курчап турган реалдуулук [2:55].Бул категория-лардын биримдиги ички сезимдеги оң жана терс белгилик маанилерди ачык туюндурууга көмөк көрсөтүп, ага карата айтуучунун жеке көз карашын жана мамилесин да кошо ырастайт. Айрыкча экспрессивдүүлүктүн таасирдүүлүгү сүйлөө-чүнүн сезимин, толгонууларын, маанайын жана окуяга карата ээлеген позициясын белгилүү бир тилдик бирдиктердин негизинде берүүдөн даана байкалат. Бул өзгөчөлүк эмоцианалдуу жа-на экспресивдүү тилдик каражаттарды кепте максаттуу тандап, жагдайга жараша иштетүүчү кептик категория экендигин ырастайт. Эмоция-экпрессивдүүлүктү кепте жаратуучу дагы бир каражат вербалдык эмес тилдик каражаттар бо-лушат. Мындай каражаттар тилдик өзгөчө байланыш-катыш жүргүзүүдө мааниге ээ. Анткени «...вербалдык эмес каражаттар - бул адамдын дене кыймылдарынын жардамы аркасында өзүнүн эмоционалдык алабалын тышкы дүйнөгө жеткирүүчү чоң күч» [2:23]. Ошондуктан көркөм стилде авторлор өз каармандарынын жүрүш-турушун, иш-аракеттерин, ички туюу сезимдерин, кулк-мүнөзүндөгү өзгөчө белгилерди чагылдыру-уда, вербалдык эмес тилдик каражаттардын түрлөрүн жагдайга жараша пайдаланышат.

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***


1. Башинская В. Эмоционально-экспрессивные частицы в современном немецком языке. Дис. Пятигорск., 1985. 55 бет.
2. Ботобекова А. Ишарат сырлары. Б., Учкун. 2002. 23 бет.
3. Васильев Л.М. К вопросу об экспрессивности и эмоциональных средствах. Словянский филологический сбор. Башкирск Ефимов А.И. Стилистика художественной речи. Изд. 2. доп. М, МГУ. 1961. 85 бет
4. Осипов СМ. Об уточнение понятия «Эмоциональность» как лингвистического термина. Учен. Зап. Им. В.И. Ленина. М., 1970
5. Панасюк А.Т. Экспрессивное лексика современного русского языка. Дис. кан. наук. М., 1970. 35 бет.
6. Павлова Н.М. Эмоциональное значение в лексикографическом отражении. Автореф. М., 1970. 55 бет.
7. Юдахин К.К. Орусча - кыргызча сездук. М., 1957. 363 бет.



***Рецензенты: Султаналиев И.*** - *кандидат филологических наук, доцент, КНУ им. Ж.Баласагына*

***Садыбек кызы Жайна*** - *кандидат филологических наук, доцент КГУ им. И. Арабаева*